12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча **“Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)”** аттуу темадагы юридикалык илимдеринин доктору илимий даражасын изденүүгө сунушталган **Татенов Марат Бейшенбековичтин** диссертациясы боюнча Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешинин эксперти **юридика илимдеринин доктору, доцент Аманалиев Урмат Олжобековичтин**

## КОРУТУНДУСУ

Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясын карап чыгып, төмөнкүдөй корутундуга келди:

**1. Диссертациялык кеңеш коргоого диссертацияларды кабыл алууга укуктуу болгон адистикке иштин (изилдөөнүн) дал келүүсү.**

“Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)” аттуу темадагы юридикалык илимдердин доктору даражасын изденүүгө сунуштаган Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясы Д 12.23.669 диссертациялык кеңештин адистигине дал келет. Иште Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык конституциялык принциптери, өзгөчөлүктөрү жөнүндө изилдөө жүргүзүлгөн бул 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистигинин паспортунун 1.3, 1.4, жана 1.17 пункттарына (Кыргыз Республикасынын ЖАК Президиумунун 2016-жылдын 27-декабрындагы №235 токтомунун 2-тиркемеси) толук жооп берет. Коллегиалдык мамлекеттик башкарууну калыптандыруу жана өнүктүрүү боюнча диссертант тарабынан сунуштар иштелип чыккан. Конституциялык укук жана муниципалдык укук маселелери изилденген.

**2. Диссертациялык изилдөөнүн максаты жана маселелери.** Диссертациялык изилдөөнүн **максаты** мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын саясий-укуктук табиятын, алардын өз ара аракеттенүү ыкмаларын жана алардан келип чыккан натыйжаларды билүү, ошондой эле коомдун саясий, экономикалык, социалдык жана руханий чөйрөлөрүндө пайда болгон көйгөйлөрдү чечүү жолдорун сунуштоо боюнча коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдардын оптималдуу өз ара аракеттенүүсүн талдоонун негизинде болуп саналат.

Диссертациялык иштин көрсөтүлгөн максаты төмөнкү **маселелердин** чечилишин алдын ала аныктады:

КНУ им. ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА
ЮРИДИЧЕСКИЙ ИНСТИТУТ
Входящий № 19/3
«16» 02 2024г.

1) мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдары жөнүндө концепцияларды - карап чыгуу;

2) мамлекеттик башкаруунун принциптери катары коллегиялдуулукту жана жеке башкарууну иликтөө жана укук принциптери менен салыштырганда бул принциптердин артыкчылыктуулугун далилдөө;

3) коомдук бийликтин коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүнүн мүнөзүн аныктоо жана алардын белгилерин аныктоо;

4) коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдардын өз ара аракеттенүү жолдорун изилдөө;

5) мамлекеттик коллегиалдуу башкаруу менен элдик суверенитеттин ортосундагы байланышты аныктоо;

6) коллегиялдуулук принциби үстөмдүк кылган учурда мамлекеттик башкаруу катары парламентаризмдин жана башкаруунун парламенттик формасынын негизин негиздөө;

7) коллегиялдуу мамлекеттик башкаруунун укуктук мамлекеттин иштешине жагымдуу таасирин кароо;

8) жарандык коомдун бар болушунда коллегиялдуулук принцибинин ролун изилдөө;

9) мамлекеттин механизми бир эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын коргоо механизми экенин негиздөө;

10) Кыргыз Республикасында коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдар менен аткаруу, сот органдарынын ортосунда укуктук мамлекет үчүн зарыл болгон звенонун жоктугун табуу максатында чет өлкөлөрдүн жана Кыргызстандын механизмдерин салыштыруу;

11) типтүү демократиялык, укуктук мамлекеттин механизмин өзүнүн звенолору менен моделдөө;

12) мамлекеттик башкарууда коллегиялдуу жана бир баш ийүүчү органдардын ролун иликтөөгө;;

13) коллегиялдуу, жеке мамлекеттик башкаруунун, илимий-техникалык прогресстин жана адам укуктарын өнүктүрүүнүн өз ара байланышын талдоо;

14) өнүккөн мамлекеттин мамлекеттик саясатынын жана башкаруусунун негизин талдоо;

15) мамлекеттик коллегиялдуу өкүлчүлүктүү башкаруунун рационалдуулугун жана легитимдүүлүгүн негиздөө;

16) мыйзамдуулуктун, тартиптин, укуктук тартиптин жана коомдук тартиптин абалынын мамлекеттик коллегиялдуу өкүлчүлүктүү башкаруудан көз карандылыгын аныктоо;

17) мамлекеттик бийликти борбордон четтетүүдө мамлекеттик түзүлүш менен мамлекеттик коллегиялдуу башкаруунун формаларынын өз ара катышын кароо;

18) демократиялык режимдин коллегиалдуу мамлекеттик башкарууга жана антидемократиялык режимдин жеке мамлекеттик башкарууга көз

карандылыгын иликтөө;

19) Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын советтик жана постсоветтик мезгилдеги укуктук абалын кароо;

20) Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсүн оптималдаштырууга байланыштуу колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштарды киргизүү.

Изилдөөчү тарабынан түзүлгөн маселелер изилдөөнүн негизги этаптарын алдын-ала аныктап, максатка жетүүгө алып келди деп эсептейбиз. Маселелер ар бири тийиштүү баптарда жана диссертациянын бөлүмдөрүндө ырааттуу чечилген.

**Диссертациянын изилдөө объектисинин жана предметинин диссертациянын максатына жана маселелерине шайкештиги.** Изилдөөнүн **объектиси** болуп Кыргыз Республикасында мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын укуктук абалын белгилөөгө жана иштешине байланыштуу түзүлгөн коомдук мамилелер саналат.

Изилдөөнүн **предмети** болуп Кыргыз Республикасында жана чет өлкөлөрдө мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын укуктук абалын белгилөөчү жана ишин жөнгө салуучу укуктук ченемдердин жыйындысы, ошондой эле ата мекендик жана чет өлкөлүк авторлордун илимий концепциялары саналат. Изилдөөнүн объектиси жана предмети анын максатына жана маселелерине ылайык келет.

**Изилдөө ыкмаларынын диссертациянын маселелерине шайкештиги. Изилдөө ыкмалары** болуп, таанып-билүүнүн илимий ыкмаларынын комплекси түзөт: диалектиканын классикалык ыкмалары: материалисттик диалектика, субъективдүү идеализм; жалпы ыкмалар: жалпылаштыруу, салыштыруу, байкоо, модельдештирүү; жалпы илимий ыкмалар: анализ, синтез, логикалык, индукция, дедукция, системалык, функционалдык; жеке илимий ыкмалар: тарыхый анализ, эмпирикалык, аксиологиялык, маданият таануу, социологиялык; атайын-юридикалык ыкмалар: салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык. Диссертант тарабынан колдонулган изилдөө методдору коюлган маселелерине дал келет деп эсептейбиз:

**1-маселе** мындай ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, анализ, синтез, индукция, дедукция, тарыхый анализ, логикалык ыкма, салыштырма укуктук;

**2-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, байкоо, эмпирикалык ыкма;

**3-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган:

материалисттик диалектика, анализ, синтез, индукция, дедукция, тарыхый анализ, логикалык ыкма, салыштырма укуктук, формалдуу юридикалык.

**4-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: модельдештирүү, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, маданият таануу.

**5-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, маданият таануу.

**6-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, маданият таануу, формалдуу юридикалык.

**7-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, байкоо, анализ, синтез, индукция, дедукция, тарыхый анализ, логикалык ыкма, салыштырма укуктук, эмпирикалык, аксиологиялык, маданият таануу.

**8-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, маданият таануу, аксиологиялык.

**9-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, формалдуу юридикалык;

**10-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: модельдештирүү, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, аксиологиялык, маданият таануу, формалдуу юридикалык;

**11 -маселе** мындай ыкмалардын жардамы менен ачылган: модельдештирүү, материалисттик диалектика, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык;

**12 -маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, социологиялык;

**13 -маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, эмпирикалык.

**14 -маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: салыштыруу, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, аксиологиялык, маданият таануу;

**15-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган:салыштыруу, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма

укуктук, аксиологиялык, эмпирикалык.

**16- маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, маданият таануу;

**17-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган:салыштыруу, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, маданият таануу.

**18 -маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: салыштыруу, байкоо, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, маданият таануу;

**19-маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган:салыштыруу, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, тарыхый анализ, аксиологиялык, маданият таануу;

**20 -маселе** кийинки ыкмалардын жардамы менен ачылган: материалисттик диалектика, анализ, синтез, логикалык ыкма, индукция, дедукция, салыштырма укуктук, аксиологиялык, формалдуу юридикалык.

Адистик боюнча изилдөөгө коюлган талаптар 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук шифрине дал келет.

**Диссертациянын темасынын актуалдулугу.** Автордун, бир өлкөлөрдүн саясий жана аскердик күчкө жетишүүсүнө, экономикасынын жогорулашына, калкынын жагымдуу жашоо шарттарына, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин корголушуна жана тескерисинче башка мамлекеттердеги мамлекеттик бийликтин кризисине, коррупцияга, өнүкпөгөн экономикасына, калктын жашоо деңгээлинин төмөндүгүнө, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктеринин бузулушуна, ой жүгүртүүсү жана байкоо жүргүзүүсү, дүйнөнүн ар кайсы өлкөлөрүнүн конституциялык мыйзамдарын, илимий жана окуу адабияттарды жана статистикалык маалыматтарды талдоосу боюнча, дүйнө өлкөлөрүндө өнүгүүдөгү прогресстин жана регресстин себеби мамлекеттик башкарууда коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптеринин ар кандай айкалышы болуп саналат.

Мамлекеттик башкаруунун бул принциптеринин талдоосу көрсөткөндөй, жеке башчылык принцибине коллегиялдуулук принциби үстөмдүк кылган учурда өлкөдө демократия, укуктук мамлекет жана жарандык коом чындап өнүгүп жатат, б.а. элдик суверенитет ишке ашырылууда, экономика өнүгүүдө, анын баары материалдык жана руханий маданиятты өркүндөтүүгө өбөлгө түзөт, адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктери камсыз кылынат жана корголот. Коллегиялдуу чечим кабыл алууда экономиканы өнүктүрүү жана коомдун жыргалчылыгын жакшыртуу экономисттер жана математиктер П. Самуэлсон, В.Парето, Н. Калдор, Дж. Хикс анын ичинде америкалык экономист жана математик, Нобель сыйлыгынын лауреаты К. Эрроу тарабынан терең изилденген жана далилденген. Коллегиялдуулук принцибинен жеке башчылык принциби жогору болгондо жогоруда аталган натыйжаларга карама-каршы кубулуштар

өнүгөт: антидемократиялык саясий режим: деспоттук, тирандык, тоталитардык, авторитардык режим, таптык мамлекет, коомдун көпчүлүгүнүн кызыкчылыктары, укуктары жана эркиндиктери кысымга алынат, коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий өнүгүүдө токтоп калуу болот, коррупция жана башка терс кесепеттер жогоруда айтылгандай өнүгөт.

**3. Илимий натыйжалар**

Иште төмөнкүдөй жаңы илимий негизделген теориялык натыйжалар киргизилип, алардын жыйындысы юридикалык илимди өнүктүрүү үчүн олуттуу мааниге ээ.

**1-натыйжа.** Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын белгилери аныкталган жана негизделген. Коллегиялдуу органдын белгилери болуп төмөнкүлөр саналат: 1) коллегиялдуу орган 2 же андан көп мүчөдөн турат; 2) ушул белгилердин 4-пунктунда көрсөтүлгөн органдын башчысынын ыйгарым укуктарын кошпогондо, коллегиялдуу органдын бардык мүчөлөрү өз кызмат орундарын тең түрдө ээлешет жана тең кызматтык укуктарга ээ болушат; 3) коллегиялдуу органдын башчысы бул органдын ичинен анын мүчөлөрү тарабынан шайланат жана алар тарабынан кызматынан бошотулушу мүмкүн; 4) коллегиялдуу органдын жетекчиси жетекчилик кылуучу органдын ишмердүүлүгүн калыптандыруу үчүн керек болгон уюштуруу-башкаруу мүнөзүндөгү анча чоң эмес компетенцияларга ээ жана ошол органдын мүчөлөрүнө жана ушул жамааттык органдын ишмердүүлүгү менен катышпаган башка инсандарга карата жеке тартипте укук колдонуу актыларын кабыл алууга укугу жок; 5) коллегиялдуу орган өзүнүн аймактык бөлүмчөлөрүн түзбөйт. Жеке башкаруу орган көп мүчөдөн болушу мүмкүн экендигин эсепке албаганда, негизинен жогоруда эсептелип өткөн коллегиалдык органдын мүнөздөмөлөрүнө карама-каршы көрсөткүчтөр жеке башкаруу мамлекеттик органдын белгилери болуп саналат.

Жогоруда аталган белгилерге ылайык Кыргызстанда Жогорку Кеңеш, жергиликтүү кеңештер, облустук, Жогорку сот, Конституциялык сот, шайлоо комиссиялары колегиялдык органдар болуп саналат; Президент, аткаруу органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары, биринчи инстанциядагы соттор, прокуратура органдары, Эсептөө палатасы, Акыйкатчы (Омбудсмен), Улуттук банк жеке башкаруу органдары болуп саналат;

**2-натыйжа.** Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү башкаруу адамдын жана жарандын укуктары менен эркиндиктерин камсыз кылуу сыяктуу мыйзамдуулук принцибин ишке ашырууга көмөк көрсөтөт. Калк тарабынан түзүлгөн баштапкы органдар катары коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдар башка органдарга караганда жоопкерчиликтүү жана жарандардын кызыкчылыктарын, керектиктерин ишке ашырууга, укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жана коргоого милдеттүү. Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдардын бул функциясы аткаруу органдарынын үстүнөн

контролдук ыйгарым укуктарга ээ болгондо эң жакшы өлчөмдө ишке ашырылат.

**3-натыйжа.** Коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышкан, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы болуп эсептелет. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин бекитүүгө өбөлгө түзөт.

**4-натыйжа.** Башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу эки топко бөлүнөт: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: Афина Демократиялык Республикасы, Спартан аристократиялык Республикасы, Рим республикасы, феодализм доорундагы шаар-республикалар, парламенттик монархия, парламенттик республика, Париж коммунасы, советтик республика, элдик демократиялык республика, аралаш республика; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: байыркы Чыгыш монархиясы, Байыркы Рим монархиясы, эрте феодалдык монархия, феодалдык бөлүнүүчүлүк мезгилиндеги монархия, класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, президенттик республика.

**5-натыйжа.** Төмөнкү мыйзам ченемдүүлүк негизделген: негизинен, мамлекеттик башкарууда коллегиялдуу органдар үстөмдүк кылган өлкөлөр коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүккөн, ал эми башкарууда жеке башкаруу органдары жогору турган мамлекеттер негизинен жогоруда аталган бардык көрсөткүчтөр боюнча артта калган өлкөлөр болуп саналат. Бул туруктуу мыйзам ченемдүүлүк адамзат тарыхында мамлекеттүүлүк пайда болгондон байкалып келет.

**6-натыйжа.** Коллегиялдуу органдардын мамлекеттик башкаруудагы үстөмдүгү мамлекеттик бийликтин борбордон четтөөсүнө алып келет жана тескерисинче жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгү аны борбордоштурууга өбөлгө түзөт.

**7-натыйжа.** Саясий режимдин параметрлерин салыштыруу жана коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иш-аракеттери коллегиялдуу органдардын үстөмдүгүндө демократиялык режим байкалат жана тескерисинче, коллегиялдуу органдарына жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгүндө антидемократиялык режим жүзөгө ашырылат.

**8-натыйжа.** Парламентаризм-бул өлкөдө мамлекеттик өкүлчүлүктүү жана башка коллегиялдуу органдар: парламент, жергиликтүү кеңештер, коллегиалдуу сот жана башка органдар үстөмдүк кылган башкаруу формасы. Бардык мамлекеттик органдардын арасында парламент үстөмдүк кылат. Бир гана парламенттин болушу парламентаризмдин болушун билдирбейт,

анткени биринчиден, мамлекеттик коллегиялдуу органдардын жогоруда аталган абалы жана экинчиси, мыйзам чыгаруу органынын аткаруу бийлигин жана сот бийлигин көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү зарыл. Парламентаризмге тиешелүү илимий-техникалык прогресстен жана экономиканын өнүгүшүнөн кийин жетишүү мүмкүн.

**9-натыйжа.** Өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө алып келет. Легитимдүү мыйзам чыгаруу бийлиги туруктуулугу менен айырмаланган адилеттүү конституцияны кабыл алат. Ушул Конституциянын негизинде адилеттүү мыйзамдар кабыл алынат. Парламент укуктук мамлекеттин жогорку органы катары бийликти элдин каалоосу боюнча бөлүштүрүүнү жана мыйзамдардын чыныгы үстөмдүгүн камсыз кылат. Коллегиялдык органдардын үстөмдүгү катаал мыйзамдуулукка алып келет. Бардык деңгээлдеги кеңештер элдин өкүлчүлүк органдары катары адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат жана коргойт. Элдик башкаруу катары өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу мамлекеттин жана инсандын өз ара жоопкерчилигин камсыздайт.

**10-натыйжа.** Азыркы демократиялык мамлекеттин механизми бир эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо механизми болуп саналат, анткени кийинкиси мамлекеттин негизги ички функцияларынын бири болуп саналат. Адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо менен мамлекеттин бардык органдары алектенүүгө тийиш. Укук ченемдеринин маңызы адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин жөнгө салууда жатат. Укук ченемдеринин негизинде жана бул ченемдерди ишке ашыруу үчүн мамлекеттин бардык органдары иштешет. Ошентип, адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо ишине бүтүндөй мамлекет катышат.

**11-натыйжа.** Биргелешкен жана массалык коррупциянын негизги себептеринин бири болуп мамлекеттин механизминдеги жеке башкаруу органдарынын коллегиялдык органдарга карата үстөмдүгү экени негизделген. Мыйзамдуу киреше булактарынын жоктугу же жетишсиздиги коррупциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу органдарында чечимдер ушул органдардын бардык мүчөлөрү тарабынан макулдашуу жана добуш берүү жолу менен кабыл алынат, ал эми жеке башкаруу органдарында чечимдерди жеке кызмат адамдары макулдашпастан жана добушка койбостон өздөрү кабыл алышат. Чечим кабыл алууда, мисалы, документтерди, материалдык баалуулуктарды берүүдө, уюштуруу иш-аракеттерин жүргүзүүдө ж.б. коррупциялык иш-аракеттерди жасоого мүмкүнчүлүк болот. Ошентип, жеке башкаруу органдары коллегиялдуу органдарга караганда коррупцияга көбүрөөк кабылышат. Коомдогу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү үчүн илимий-техникалык прогресске жетишүү, өнөр жайды жана экономиканы өнүктүрүү, ошондой эле коллегиялдуу органдар жеке башкарууга үстөмдүк кылгыдай мамлекеттик

механизмди реформалоо зарыл.

**12-натыйжа.** Коллегиялдуу мамлекеттик башкаруу, б.а. коллегиалдуу органдардын ыйгарым укуктарында жеке башкаруу органдарына үстөмдүгү жарандык коомдун эң негизги укугун ишке ашырат – бул жарандардын мамлекеттик бийликке жана сот адилеттигин ишке ашырууга катышуусун ишке ашырат. Жарандык коом көз карандысыз болуп саналат, башкача айтканда, ал реалдуу саясий бийликке ээ жана аны жүзөгө ашырат. Ошентип, мамлекет коомдун көзөмөлүнө алынат. Жогоруда аталган башкаруунун алдында коомдун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий плюрализм үчүн шарттар түзүлөт. Өлкөдө көп партиялуу система, менчиктин ар түрдүү формалары, мамлекеттик жана жеке коомдук жана билим берүү мекемелери ж.б. болот. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталган бардык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырат. Жарандык коомдо бардык жарандар бири-бирине тең жана тең укуктуу мүчөлөрдөн турган коллегиялдуу органдар өлкөдө үстөмдүк кылышат жана бул принципти коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырышат.

**13-натыйжа.** Элдик суверенитет – мамлекеттик бийликти элдин аткаруу жана сот органдарын түзүүчү жана көзөмөлдөгөн өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдар аркылуу ишке ашыруусу. Эл коомдун жана мамлекеттин иштерин башкарууга иш жүзүндө катышат, ал эми бардык мамлекеттик бийлик структуралары алмаштырылат, көзөмөлдөнөт жана коом алдында отчет берет. Элдик суверенитеттин тушунда эл мамлекеттик бийликтин булагы жана суверенитеттин алып жүрүүчүсү деген жобо чындап ишке ашат. Элдик суверенитеттин мааниси демократия түшүнүгүнө окшош. Элдик суверенитетти ишке ашыруу үчүн коом өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдардан тышкары мамлекеттик бийликти түздөн-түз шайлоолор, референдумдар жана коомдук чогулуштар аркылуу ишке ашыруусу зарыл. Көптөгөн өлкөлөрдө конституцияларда демократизм принциби жарыяланган, бирок чындыгында демократия жана элдик суверенитет ишке ашкан эмес. Элдик суверенитет ишке ашырылышы үчүн мамлекеттин механизми керек, анда коллегиялдуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын үстөмдүгү ишке ашырылып, ага жеке башкаруу органдары баш ийет.

**14-натыйжа.** Коллегиялдык, жеке башкаруу мамлекеттик башкаруунун жана тиешелүү илимий-техникалык прогресстин жана адам укуктарынын абалынын ортосунда өз ара байланыш бар. Ал байланыш инженердик психологиянын бар же жок болуу мыйзам ченемдүүлүгү. Жогорку илимий-техникалык прогресске жеткен мамлекеттерде адамдар машина, мотор, механизмдер менен иштегенде акыркылардын тактык, аткаруу, программалоо сапаттары адамдарда калыптанып инженердик психология пайда болот. Анын негизинде адамдар техникалык инструкцияларды, эрежелерди сактоо менен бирге, мамлекеттеги коомдук мыйзамдарды дагы аткарып, мамлекетте дисциплина, укуктук тартип жана

мыйзамдуук камсыздалат. Адам укуктары камсыздалынат. Жарандардын коомдук аң-сезими жогорулайт. Илимий-техникалык прогресс экономиканын өнүгүүсүн камсыздайт. Алардын жыйынтыгында коллегиалдык мамлекеттик башкаруу жүргүзүлөт. Эгерде мамлекетте илимий-техникалык прогресс болбосо, тескерисинче жарандарда инженердик психология өнүкпөйт жана дисциплина, укуктук тартип, мыйзамдуук жакшы камсыздалбайт, экономика өнүкпөйт. Адам укуктары тиешелүү деңгээлде камсыз кылынбайт Мамлекетте жеке башкаруу жүргүзүлөт.

Ошондуктан өлкөдө коллегиялдуу мамлекеттик башкарууну калыптандыруу үчүн, биринчиден, илимий-техникалык прогрессти түзгөн илимий-техникалык жана илимий-өндүрүштүк деңгээлди жогорулатуу, экинчиден, тиешелүү мыйзамдарды өзгөртүү зарыл. Илимий-техникалык прогресс ийгиликтүү мамлекеттик саясаттын жана мамлекеттик башкаруунун негизи болуп саналат. Мамлекеттик жеке башкаруунун алдында өлкөнү өнүктүрүү мүмкүн, бирок табигый, техникалык илимдерди, техниканы, технологияларды жана тиешелүү түрдө өнөр жайды өнүктүрүү шартында. Ошентип, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт түрүндө: «табигый жана техникалык илимдерди жана илимий-техникалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү» жана «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 4-бөлүгүнө төмөнкүдөй мазмундагы 16-1-пункт түрүндө: «илимди жана илимий-техникалык ишмердикти өнүктүрүү үчүн негизди даярдоо» деген толуктоолорду киргизүү негиздүү.

**15-натыйжа.** Чыныгы адам укуктары-бул анын жеке мүмкүнчүлүгү жана башка адамдардын укуктарын камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү. Бул учурда адам укуктары формалдуу, табигый жана техникалык илимдердин көз карашынан каралат. Ушул көз караштан алганда, адамдын материалдык эмес жана материалдык укуктары жөнүндөгү түшүнүктөр негизделген.

**16-натыйжа.** Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1,2 бөлүмүндөгү: конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, укуктук ченемдери уюштуруучу же ченем-принциптер болуп саналат. Кыргызстандын Негизги мыйзамынын калган 3-5-бөлүмдөрүндө: Президент, мыйзам чыгаруу бийлиги, аткаруу бийлиги, сот бийлиги, Кыргыз Республикасынын өзгөчө статусу бар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби жөнгө салуучу болуп саналат, анткени бул ченемдерде мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктары түздөн-түз көрсөтүлгөн. 1,2 бөлүмдө каралган ченемдерди ишке ашыруу Конституциянын 3-5-бөлүмдөрүндө камтылган ченемдерди ишке ашырууга ылайык болот. Ошентип, уюштуруучу жана жөнгө салуучу ченемдеринин маалыматтарынын арасында жөнгө салуу ченемдери басымдуулук кылат. Мындан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: ар кандай Конституцияда мамлекеттик органдардын укуктук абалын жөнгө салуучу

ченемдер башкы болуп эсептелет, анткени коллегиялдуу же жеке башчылык деп эсептелген тигил же бул органга канча жана кандай ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилгендигинен жана алар өз ыйгарым укуктарын кантип ишке ашыргандыгынан мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин жана адамдын жана жарандын укуктук абалын жөнгө салуучу Конституциянын ченемдерин ишке ашыруу көз каранды. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында биз караган жөнгө салуу ченемдери башкы, ал эми уюштуруучу ченемдер жөнгө салуучу ченемдерге көз каранды болуп саналат.

**3.1. Бардык берилген натыйжалар жаңылыктын белгиси менен айырмаланат.**

**1-натыйжа.** Жаңы. Изденүүчү тарабынан мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын белгилери аныкталган жана негизделген. Кыргыз Республикасынындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коллегиялдык жана жеке башкаруу органдарына классификацияланган.

**2-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анкени диссертант калк тарабынан түзүлгөн баштапкы органдар катары коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдар башка органдарга караганда жоопкерчиликтүү жана жарандардын кызыкчылыктарын, керектиктерин ишке ашырууга, укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жана коргоого милдеттүү деп тыянакка келген. Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдардын бул функциясы аткаруу органдарынын үстүнөн контролдук ыйгарым укуктарга ээ болгондо эң жакшы өлчөмдө ишке ашырылат деп тастыктайт.

**3-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышкан, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы болуп эсептелет. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин бекитүүгө өбөлгө түзөт.

**4-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анкени изденүүчү тарабынан башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу эки топко бөлүштүрүлгөн: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: Афина Демократиялык Республикасы, Спартан аристократиялык Республикасы, Рим республикасы, феодализм доорундагы шаар-республикалар, парламенттик монархия, парламенттик республика, Париж коммунасы, советтик республика, элдик демократиялык республика, аралаш республика; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: байыркы Чыгыш монархиясы, Байыркы Рим монархиясы, эрте феодалдык монархия, феодалдык бөлүнүүчүлүк мезгилиндеги монархия, класстык-өкүлчүлүктүү

монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, президенттик республика.

**5-натыйжа.** Жаңы. Диссертант тарабынан төмөнкү мыйзам ченемдүүлүк негизделген: негизинен, мамлекеттик башкарууда коллегиялдуу органдар үстөмдүк кылган өлкөлөр коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүккөн, ал эми башкарууда жеке башкаруу органдары жогору турган мамлекеттер негизинен жогоруда аталган бардык көрсөткүчтөр боюнча артта калган өлкөлөр болуп саналат. Бул туруктуу мыйзам ченемдүүлүк адамзат тарыхында мамлекеттүүлүк пайда болгондон байкалып келет.

**6-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени коллегиялдуу органдардын мамлекеттик башкаруудагы үстөмдүгү мамлекеттик бийликтин борбордон четтөөсүнө алып келет жана тескерисинче жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгү аны борбордоштурууга өбөлгө түзөт.

**7-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анкени диссертант изилдөөнүн негизинде төмөнкү тыянакка келген: саясий режимдин параметрлерин салыштыруу жана коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иш-аракеттери коллегиялдуу органдардын үстөмдүгүндө демократиялык режим байкалат жана тескерисинче, коллегиялдуу органдарына жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгүндө антидемократиялык режим жүзөгө ашырылат.

**8-натыйжа.** Жаңы, анткени парламентаризм - бул өлкөдө мамлекеттик өкүлчүлүктүү жана башка коллегиялдуу органдар: парламент, жергиликтүү кеңештер, коллегиалдуу сот жана башка органдар үстөмдүк кылган башкаруу формасы. Бардык мамлекеттик органдардын арасында парламент үстөмдүк кылат. Бир гана парламенттин болушу парламентаризмдин болушун билдирбейт, анткени биринчиден, мамлекеттик коллегиялдуу органдардын жогоруда аталган абалы жана экинчиси, мыйзам чыгаруу органынын аткаруу бийлигин жана сот бийлигин көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү зарыл. Парламентаризмге тиешелүү илимий-техникалык прогресстен жана экономиканын өнүгүшүнөн кийин жетишүү мүмкүн.

**9-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө алып келет. Легитимдүү мыйзам чыгаруу бийлиги туруктуулугу менен айырмаланган адилеттүү конституцияны кабыл алат. Ушул Конституциянын негизинде адилеттүү мыйзамдар кабыл алынат. Парламент укуктук мамлекеттин жогорку органы катары бийликти элдин каалоосу боюнча бөлүштүрүүнү жана мыйзамдардын чыныгы үстөмдүгүн камсыз кылат. Коллегиялдык органдардын үстөмдүгү катаал мыйзамдуулукка алып келет. Бардык деңгээлдеги кеңештер элдин өкүлчүлүк органдары катары адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат жана коргойт. Элдик башкаруу катары өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу мамлекеттин жана инсандын өз ара жоопкерчилигин камсыздайт.

**10-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анткени азыркы демократиялык мамлекеттин механизми бир эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын

камсыз кылуу жана коргоо механизми болуп саналат, анткени кийинкиси мамлекеттин негизги ички функцияларынын бири болуп саналат. Адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо менен мамлекеттин бардык органдары алектенүүгө тийиш. Укук ченемдеринин маңызы адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин жөнгө салууда жатат. Укук ченемдеринин негизинде жана бул ченемдерди ишке ашыруу үчүн мамлекеттин бардык органдары иштешет. Ошентип, адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо ишине бүтүндөй мамлекет катышат.

**11-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени биргелешкен жана массалык коррупциянын негизги себептеринин бири болуп мамлекеттин механизминдеги жеке башкаруу органдарынын коллегиялдык органдарга карата үстөмдүгү экени негизделген. Мыйзамдуу киреше булактарынын жоктугу же жетишсиздиги коррупциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу органдарында чечимдер ушул органдардын бардык мүчөлөрү тарабынан макулдашуу жана добуш берүү жолу менен кабыл алынат, ал эми жеке башкаруу органдарында чечимдерди жеке кызмат адамдары макулдашпастан жана добушка койбостон өздөрү кабыл алышат. Чечим кабыл алууда, мисалы, документтерди, материалдык баалуулуктарды берүүдө, уюштуруу иш-аракеттерин жүргүзүүдө ж.б. коррупциялык иш-аракеттерди жасоого мүмкүнчүлүк болот. Ошентип, жеке башкаруу органдары коллегиялдуу органдарга караганда коррупцияга көбүрөөк кабылышат. Коомдогу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү үчүн илимий-техникалык прогресске жетишүү, өнөр жайды жана экономиканы өнүктүрүү, ошондой эле коллегиялдуу органдар жеке башкарууга үстөмдүк кылгыдай мамлекеттик механизмди реформалоо зарыл.

**12-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анкени коллегиялдуу мамлекеттик башкаруу, б.а. коллегиалдуу органдардын ыйгарым укуктарында жеке башкаруу органдарына үстөмдүгү жарандык коомдун эң негизги укугун ишке ашырат – бул жарандардын мамлекеттик бийликке жана сот адилеттигин ишке ашырууга катышуусун ишке ашырат. Жарандык коом көз карандысыз болуп саналат, башкача айтканда, ал реалдуу саясий бийликке ээ жана аны жүзөгө ашырат. Ошентип, мамлекет коомдун көзөмөлүнө алынат. Жогоруда аталган башкаруунун алдында коомдун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий плюрализм үчүн шарттар түзүлөт. Өлкөдө көп партиялуу система, менчиктин ар түрдүү формалары, мамлекеттик жана жеке коомдук жана билим берүү мекемелери ж.б. болот. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталган бардык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырат. Жарандык коомдо бардык жарандар бири-бирине тең жана тең укуктуу мүчөлөрдөн турган коллегиялдуу органдар өлкөдө үстөмдүк кылышат жана бул принципти коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырышат.

**13-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени элдик суверенитет – мамлекеттик бийликти элдин аткаруу жана сот органдарын түзүүчү жана көзөмөлдөгөн өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдар аркылуу ишке ашыруусу. Эл коомдун жана мамлекеттин иштерин башкарууга иш жүзүндө катышат, ал эми бардык мамлекеттик бийлик структуралары алмаштырылат, көзөмөлдөнөт жана коом алдында отчет берет. Элдик суверенитеттин тушунда эл мамлекеттик бийликтин булагы жана суверенитеттин алып жүрүүчүсү деген жобо чындап ишке ашат. Элдик суверенитеттин мааниси демократия түшүнүгүнө окшош. Элдик суверенитетти ишке ашыруу үчүн коом өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдардан тышкары мамлекеттик бийликти түздөн-түз шайлоолор, референдумдар жана коомдук чогулуштар аркылуу ишке ашыруусу зарыл. Көптөгөн өлкөлөрдө конституцияларда демократизм принциби жарыяланган, бирок чындыгында демократия жана элдик суверенитет ишке ашкан эмес. Элдик суверенитет ишке ашырылышы үчүн мамлекеттин механизми керек, анда коллегиялдуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын үстөмдүгү ишке ашырылып, ага жеке башкаруу органдары баш ийет.

**14-натыйжа.** Жаңы, анткени изденүүчү коллегиялдык, жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун, тиешелүү илимий-техникалык прогресстин жана адам укуктарынын абалынын ортосундагы өз ара байланышты негиздеген. Ал байланыш инженердик психологиянын бар же жок болуу мыйзам ченемдүүлүгү. Жогорку илимий-техникалык прогресске жеткен мамлекеттерде адамдар машина, мотор, механизмдер менен иштегенде акыркылардын тактык, аткаруу, программалоо сапаттары адамдарда калыптанып инженердик психология пайда болот. Анын негизинде адамдар техникалык инструкцияларды, эрежелерди сактоо менен бирге, мамлекеттеги коомдук мыйзамдарды дагы аткарып, мамлекетте дисциплина, укуктук тартип жана мыйзамдуук камсыздалат. Адам укуктары камсыздалынат. Жарандардын коомдук аң-сезими жогорулайт. Илимий-техникалык прогресс экономиканын өнүгүүсүн камсыздайт. Алардын жыйынтыгында коллегиалдык мамлекеттик башкаруу жүргүзүлөт. Эгерде мамлекетте илимий-техникалык прогресс болбосо, тескерисинче жарандарда инженердик психология өнүкпөйт жана дисциплина, укуктук тартип, мыйзамдуук жакшы камсыздалбайт, экономика өнүкпөйт. Адам укуктары тиешелүү деңгээлде камсыз кылынбайт Мамлекетте жеке башкаруу жүргүзүлөт.

Ошондуктан өлкөдө коллегиялдуу мамлекеттик башкарууну калыптандыруу үчүн, биринчиден, илимий-техникалык прогрессти түзгөн илимий-техникалык жана илимий-өндүрүштүк деңгээлди жогорулатуу, экинчиден, тиешелүү мыйзамдарды өзгөртүү зарыл. Илимий-техникалык прогресс ийгиликтүү мамлекеттик саясаттын жана мамлекеттик башкаруунун негизи болуп саналат. Мамлекеттик жеке башкаруунун алдында өлкөнү өнүктүрүү мүмкүн, бирок табигый, техникалык илимдерди, техниканы, технологияларды жана тиешелүү түрдө өнөр жайды өнүктүрүү шартында.

Ошентип, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт түрүндө: «табигый жана техникалык илимдерди жана илимий-техникалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү» жана «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 4-бөлүгүнө төмөнкүдөй мазмундагы 16-1-пункт түрүндө: «илимди жана илимий-техникалык ишмердикти өнүктүрүү үчүн негизди даярдоо» деген толуктоолорду киргизүү негиздүү.

**15-натыйжа.** Жаңы болуп саналат, анкени чыныгы адам укуктары-бул анын жеке мүмкүнчүлүгү жана башка адамдардын укуктарын камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү. Бул учурда адам укуктары формалдуу, табигый жана техникалык илимдердин көз карашынан каралат. Ушул көз караштан алганда, адамдын материалдык эмес жана материалдык укуктары жөнүндөгү түшүнүктөр негизделген.

**16-натыйжа.** Жаңылыгы менен айырмаланат, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1,2 бөлүмүндөгү: конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, укуктук ченемдери уюштуруучу же ченем-принциптер болуп саналат. Кыргызстандын Негизги мыйзамынын калган 3-5-бөлүмдөрүндө: Президент, мыйзам чыгаруу бийлиги, аткаруу бийлиги, сот бийлиги, Кыргыз Республикасынын өзгөчө статусу бар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби жөнгө салуучу болуп саналат, анткени бул ченемдерде мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктары түздөн-түз көрсөтүлгөн. 1,2 бөлүмдө каралган ченемдерди ишке ашыруу Конституциянын 3-5-бөлүмдөрүндө камтылган ченемдерди ишке ашырууга ылайык болот. Ошентип, уюштуруучу жана жөнгө салуучу ченемдеринин маалыматтарынын арасында жөнгө салуу ченемдери басымдуулук кылат. Мындан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: ар кандай Конституцияда мамлекеттик органдардын укуктук абалын жөнгө салуучу ченемдер башкы болуп эсептелет, анткени коллегиялдуу же жеке башчылык деп эсептелген тигил же бул органга канча жана кандай ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилгендигинен жана алар өз ыйгарым укуктарын кантип ишке ашыргандыгынан мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин жана адамдын жана жарандын укуктук абалын жөнгө салуучу Конституциянын ченемдерин ишке ашыруу көз каранды. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында биз караган жөнгө салуу ченемдери башкы, ал эми уюштуруучу ченемдер жөнгө салуучу ченемдерге көз каранды болуп саналат.

### 3.2.Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө

Диссертациялык иште формулировкаланган жыйынтыктар жана корутундулар жетиштүү түрдө негизделген жана ишенимдүү, колдонулган методикалык аппарат менен аныкталган.

**1-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени изденүүчү тарабынан мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун

коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын белгилери аныкталган жана негизделген. Кыргыз Республикасынындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары коллегиялдык жана жеке башкаруу органдарына классификацияланган.

**2-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени диссертант калк тарабынан түзүлгөн баштапкы органдар катары коллегиалдуу өкүлчүлүктүү органдар башка органдарга караганда жоопкерчиликтүү жана жарандардын кызыкчылыктарын, керектиктерин ишке ашырууга, укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылууга жана коргоого милдеттүү деп тыянакка келген. Коллегиялдуу өкүлчүлүктүү органдардын бул функциясы аткаруу органдарынын үстүнөн контролдук ыйгарым укуктарга ээ болгондо эң жакшы өлчөмдө ишке ашырылат деп тастыктайт.

**3-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени коллегиялдуулук жана жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун принциптери болуу менен укук принциптери менен байланышкан, алар да мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ишинин негиз салуучу башталышы болуп эсептелет. Берилген принциптердин ортосунда белгилүү бир иерархия, биринчилик жана аныкталган башталыштардын ырааттуулугу бар. Коллегиялдуулук принциби тең укуктуулук принцибин ишке ашырууга өбөлгө түзөт, ал өз кезегинде адилеттүүлүктү жана укуктун бардык башка принциптерин бекитүүгө өбөлгө түзөт.

**4-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени изденүүчү тарабынан башкаруунун бардык формалары эки принциптин биринин үстөмдүгүнө карата: коллегиялдуулук же жеке башкаруу эки топко бөлүштүрүлгөн: 1) коллегиялдуулук принцибине негизделген башкаруу формалары: Афина Демократиялык Республикасы, Спартан аристократиялык Республикасы, Рим республикасы, феодализм доорундагы шаар-республикалар, парламенттик монархия, парламенттик республика, Париж коммунасы, советтик республика, элдик демократиялык республика, аралаш республика; 2) жеке башкаруу принцибине негизделген башкаруу формалары: байыркы Чыгыш монархиясы, Байыркы Рим монархиясы, эрте феодалдык монархия, феодалдык бөлүнүүчүлүк мезгилиндеги монархия, класстык-өкүлчүлүктүү монархия, абсолюттук монархия, дуалисттик монархия, президенттик республика.

**5-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени диссертант тарабынан төмөнкү мыйзам ченемдүүлүк негизделген: негизинен, мамлекеттик башкарууда коллегиялдуу органдар үстөмдүк кылган өлкөлөр коомдун жашоосунун бардык чөйрөлөрүндө өнүккөн, ал эми башкарууда жеке башкаруу органдары жогору турган мамлекеттер негизинен жогоруда аталган бардык көрсөткүчтөр боюнча артта калган өлкөлөр болуп саналат. Бул туруктуу мыйзам ченемдүүлүк адамзат тарыхында мамлекеттүүлүк пайда болгондон байкалып келет.

**6-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени коллегиялдуу органдардын мамлекеттик башкаруудагы үстөмдүгү мамлекеттик бийликтин

борбордон четтөөсүнө алып келет жана тескерисинче жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгү аны борбордоштуруууга өбөлгө түзөт.

**7-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени диссертант изилдөөнүн негизинде төмөнкү тыянакка келген: саясий режимдин параметрлерин салыштыруу жана коллегиялдуу жана жеке башкаруу органдарынын иш-аракеттери коллегиялдуу органдардын үстөмдүгүндө демократиялык режим байкалат жана тескерисинче, коллегиялдуу органдарына жеке башкаруу органдарынын үстөмдүгүндө антидемократиялык режим жүзөгө ашырылат.

**8-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени парламентаризм - бул өлкөдө мамлекеттик өкүлчүлүктүү жана башка коллегиялдуу органдар: парламент, жергиликтүү кеңештер, коллегиалдуу сот жана башка органдар үстөмдүк кылган башкаруу формасы. Бардык мамлекеттик органдардын арасында парламент үстөмдүк кылат. Бир гана парламенттин болушу парламентаризмдин болушун билдирбейт, анткени биринчиден, мамлекеттик коллегиялдуу органдардын жогоруда аталган абалы жана экинчиси, мыйзам чыгаруу органынын аткаруу бийлигин жана сот бийлигин көзөмөлдөө жөндөмдүүлүгү зарыл. Парламентаризмге тиешелүү илимий-техникалык прогресстен жана экономиканын өнүгүшүнөн кийин жетишүү мүмкүн.

**9-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу укуктук мамлекеттин өнүгүшүнө алып келет. Легитимдүү мыйзам чыгаруу бийлиги туруктуулугу менен айырмаланган адилеттүү конституцияны кабыл алат. Ушул Конституциянын негизинде адилеттүү мыйзамдар кабыл алынат. Парламент укуктук мамлекеттин жогорку органы катары бийликти элдин каалоосу боюнча бөлүштүрүүнү жана мыйзамдардын чыныгы үстөмдүгүн камсыз кылат. Коллегиялдык органдардын үстөмдүгү катаал мыйзамдуулукка алып келет. Бардык деңгээлдеги кеңештер элдин өкүлчүлүк органдары катары адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылат жана коргойт. Элдик башкаруу катары өкүлчүлүктүү коллегиялдуу башкаруу мамлекеттин жана инсандын өз ара жоопкерчилигин камсыздайт.

**10-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени азыркы демократиялык мамлекеттин механизми бир эле учурда адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо механизми болуп саналат, анткени кийинкиси мамлекеттин негизги ички функцияларынын бири болуп саналат. Адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо менен мамлекеттин бардык органдары алектенүүгө тийиш. Укук ченемдеринин маңызы адамдардын укуктарын, эркиндиктерин жана милдеттерин жөнгө салууда жатат. Укук ченемдеринин негизинде жана бул ченемдерди ишке ашыруу үчүн мамлекеттин бардык органдары иштешет. Ошентип, адамдын жана жарандын укуктарын камсыз кылуу жана коргоо ишине бүтүндөй мамлекет катышат.

**11-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени биргелешкен жана массалык коррупциянын негизги себептеринин бири болуп мамлекеттин механизминдеги жеке башкаруу органдарынын коллегиялдык органдарга

карата үстөмдүгү экени негизделген. Мыйзамдуу киреше булактарынын жоктугу же жетишсиздиги коррупциянын өнүгүшүнө өбөлгө түзөт. Мамлекеттик бийликтин жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун коллегиялдуу органдарында чечимдер ушул органдардын бардык мүчөлөрү тарабынан макулдашуу жана добуш берүү жолу менен кабыл алынат, ал эми жеке башкаруу органдарында чечимдерди жеке кызмат адамдары макулдашпастан жана добушка койбостон өздөрү кабыл алышат. Чечим кабыл алууда, мисалы, документтерди, материалдык баалуулуктарды берүүдө, уюштуруу иш-аракеттерин жүргүзүүдө ж.б. коррупциялык иш-аракеттерди жасоого мүмкүнчүлүк болот. Ошентип, жеке башкаруу органдары коллегиялдуу органдарга караганда коррупцияга көбүрөөк кабылышат. Коомдогу коррупциянын деңгээлин төмөндөтүү үчүн илимий-техникалык прогресске жетишүү, өнөр жайды жана экономиканы өнүктүрүү, ошондой эле коллегиялдуу органдар жеке башкарууга үстөмдүк кылгыдай мамлекеттик механизмди реформалоо зарыл.

**12-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени коллегиялдуу мамлекеттик башкаруу, б.а. коллегиалдуу органдардын ыйгарым укуктарында жеке башкаруу органдарына үстөмдүгү жарандык коомдун эң негизги укугун ишке ашырат – бул жарандардын мамлекеттик бийликке жана сот адилеттигин ишке ашырууга катышуусун ишке ашырат. Жарандык коом көз карандысыз болуп саналат, башкача айтканда, ал реалдуу саясий бийликке ээ жана аны жүзөгө ашырат. Ошентип, мамлекет коомдун көзөмөлүнө алынат. Жогоруда аталган башкаруунун алдында коомдун бардык чөйрөлөрүндө: саясий, экономикалык, социалдык жана руханий плюрализм үчүн шарттар түзүлөт. Өлкөдө көп партиялуу система, менчиктин ар түрдүү формалары, мамлекеттик жана жеке коомдук жана билим берүү мекемелери ж.б. болот. Мамлекет адамдын жана жарандын укуктук ишмердүүлүгүн өнүктүрүүгө жана муктаждыктарын канааттандырууга багытталган бардык укуктарын жана эркиндиктерин ишке ашырат. Жарандык коомдо бардык жарандар бири-бирине тең жана тең укуктуу мүчөлөрдөн турган коллегиялдуу органдар өлкөдө үстөмдүк кылышат жана бул принципти коомдун бардык чөйрөлөрүндө ишке ашырышат.

**13-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени элдик суверенитет – мамлекеттик бийликти элдин аткаруу жана сот органдарын түзүүчү жана көзөмөлдөгөн өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдар аркылуу ишке ашырат. Эл коомдун жана мамлекеттин иштерин башкарууга иш жүзүндө катышат, ал эми бардык мамлекеттик бийлик структуралары алмаштырылат, көзөмөлдөнөт жана коом алдында отчет берет. Элдик суверенитеттин тушунда эл мамлекеттик бийликтин булагы жана суверенитеттин алып жүрүүчүсү деген жобо чындап ишке ашат. Элдик суверенитеттин мааниси демократия түшүнүгүнө окшош. Элдик суверенитетти ишке ашыруу үчүн коом өкүлчүлүктүү коллегиялдуу органдардан тышкары мамлекеттик бийликти түздөн-түз шайлоолор, референдумдар жана коомдук чогулуштар аркылуу ишке ашыруусу зарыл. Көптөгөн өлкөлөрдө конституцияларда демократизм принциби жарыяланган,

бирок чындыгында демократия жана элдик суверенитет ишке ашкан эмес. Элдик суверенитет ишке ашырылышы үчүн мамлекеттин механизми керек, анда коллегиялдуу мамлекеттик жана муниципалдык органдардын үстөмдүгү ишке ашырылып, ага жеке башкаруу органдары баш ийет.

**14-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени изденүүчү коллегиялдык, жеке башчылык мамлекеттик башкаруунун, тиешелүү илимий-техникалык прогресстин жана адам укуктарынын абалынын ортосундагы өз ара байланышты негиздеген. Ал байланыш инженердик психологиянын бар же жок болуу мыйзам ченемдүүлүгү. Жогорку илимий-техникалык прогресске жеткен мамлекеттерде адамдар машина, мотор, механизмдер менен иштегенде акыркылардын тактык, аткаруу, программалоо сапаттары адамдарда калыптанып инженердик психология пайда болот. Анын негизинде адамдар техникалык инструкцияларды, эрежелерди сактоо менен бирге, мамлекеттеги коомдук мыйзамдарды дагы аткарып, мамлекетте дисциплина, укуктук тартип жана мыйзамдуук камсыздалат. Адам укуктары камсыздалынат. Жарандардын коомдук аң-сезими жогорулайт. Илимий-техникалык прогресс экономиканын өнүгүүсүн камсыздайт. Алардын жыйынтыгында коллегиалдык мамлекеттик башкаруу жүргүзүлөт. Эгерде мамлекетте илимий-техникалык прогресс болбосо, тескерисинче жарандарда инженердик психология өнүкпөйт жана дисциплина, укуктук тартип, мыйзамдуук жакшы камсыздалбайт, экономика өнүкпөйт. Адам укуктары тиешелүү деңгээлде камсыз кылынбайт. Мамлекетте жеке башкаруу жүргүзүлөт.

Ошондуктан өлкөдө коллегиялдуу мамлекеттик башкарууну калыптандыруу үчүн, биринчиден, илимий-техникалык прогрессти түзгөн илимий-техникалык жана илимий-өндүрүштүк деңгээлди жогорулатуу, экинчиден, тиешелүү мыйзамдарды өзгөртүү зарыл. Илимий-техникалык прогресс ийгиликтүү мамлекеттик саясаттын жана мамлекеттик башкаруунун негизи болуп саналат. Мамлекеттик жеке башкаруунун алдында өлкөнү өнүктүрүү мүмкүн, бирок табигый, техникалык илимдерди, техниканы, технологияларды жана тиешелүү түрдө өнөр жайды өнүктүрүү шартында. Ошентип, «Илим жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 5-беренесине төмөнкүдөй мазмундагы 8-пункт түрүндө: «табигый жана техникалык илимдерди жана илимий-техникалык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө колдоо көрсөтүү» жана «Билим берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 4-бөлүгүнө төмөнкүдөй мазмундагы 16-1-пункт түрүндө: «илимди жана илимий-техникалык ишмердикти өнүктүрүү үчүн негизди даярдоо» деген толуктоолорду киргизүү негиздүү.

**15-натыйжа.** Ишенимдүү, анткени чыныгы адам укуктары-бул анын жеке мүмкүнчүлүгү жана башка адамдардын укуктарын камсыз кылуу мүмкүнчүлүгү. Бул учурда адам укуктары формалдуу, табигый жана техникалык илимдердин көз карашынан каралат. Ушул көз караштан алганда, адамдын материалдык эмес жана материалдык укуктары жөнүндөгү

түшүнүктөр негизделген.

**16-натыйжа.** Ишенимдүү жана негиздүү, анткени Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 1,2 бөлүмүндөгү: конституциялык түзүлүштүн негиздери, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктери, укуктук ченемдери уюштуруучу же ченем-принциптер болуп саналат. Кыргызстандын Негизги мыйзамынын калган 3-5-бөлүмдөрүндө: Президент, мыйзам чыгаруу бийлиги, аткаруу бийлиги, сот бийлиги, Кыргыз Республикасынын өзгөчө статусу бар мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу, Конституцияга өзгөртүүлөрдү киргизүү тартиби жөнгө салуучу болуп саналат, анткени бул ченемдерде мамлекеттик жана муниципалдык органдардын ыйгарым укуктары түздөн-түз көрсөтүлгөн. 1,2 бөлүмдө каралган ченемдерди ишке ашыруу Конституциянын 3-5-бөлүмдөрүндө камтылган ченемдерди ишке ашырууга ылайык болот. Ошентип, уюштуруучу жана жөнгө салуучу ченемдеринин маалыматтарынын арасында жөнгө салуу ченемдери басымдуулук кылат. Мындан төмөнкүдөй тыянак чыгарууга болот: ар кандай Конституцияда мамлекеттик органдардын укуктук абалын жөнгө салуучу ченемдер башкы болуп эсептелет, анткени коллегиялдуу же жеке башчылык деп эсептелген тигил же бул органга канча жана кандай ыйгарым укуктар өткөрүлүп берилгендигинен жана алар өз ыйгарым укуктарын кантип ишке ашыргандыгынан мамлекеттик түзүлүштүн негиздерин жана адамдын жана жарандын укуктук абалын жөнгө салуучу Конституциянын ченемдерин ишке ашыруу көз каранды. Демек, Кыргыз Республикасынын Конституциясында биз караган жөнгө салуу ченемдери башкы, ал эми уюштуруучу ченемдер жөнгө салуучу ченемдерге көз каранды болуп саналат.

**3.3. Диссертациянын теориялык мааниси**

Диссертациялык изилдөө мамлекеттик бийлик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишиндеги коллегиялдуулук жана жеке башчылык принциптерине, коллегиядуу жана жеке башкаруу өзгөчөлүктөрүнө, жеке башкарууну ишке ашыруудагы көйгөйлөргө арналган комплекстүү илимий изилдөө болуп саналат. Ал кеңири теориялык материалга жана юридикалык практикага негизделген.

Автор Кыргыз Республикасынын юридикалык илимин өркүндөтүүгө багытталган бул илимий изилдөөнүн негизги жоболорун формулировкалаган. Өз кезегинде бул жоболор укуктун теориясы, конституциялык укук жана муниципалдык укук үчүн жаңылыкты жана теориялык маанисин аныктайт. Диссертант жүргүзгөн илимий изилдөөсүнүн теориялык маанилүүлүгү чоң деп эсептейбиз.

**3.4. Доктордук диссертациянын квалификациялык белгилерине туура келүүсү**

"Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)" аттуу темадагы юридикалык илимдеринин доктору илимий даражасын изденүүгө

сунушталган Татенов Марат Бейшенбековичтин диссертациясы жаңы илимий багытты иштеп чыгуу болуп эсептелет. Жаңы илимий багыттын иштелип чыгышы же тиешелүү илимий багыттардын биринин концептуалдык иштелип чыгышы жана принципиалдуу жаңы натыйжалардын мазмуну, анын жыйынтыгы илимдин тиешелүү тармагында ири илимий жетишкендик болуп саналат. Диссертацияда камтылган тыянактар, практикалык сунуштамалар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусунда, тиешелүү түрдө мыйзам чыгарууда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациянын натыйжаларынын жаңылык деңгээлине ылайык, жыйынтыктар жаңы. Диссертациянын натыйжаларынын баалуулугу боюнча ал өтө жогору. Эмгектеги тыянактар жана жоболор конституциялык укукта, муниципалдык укукта жана жалпы укукта ири көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

**4. Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси**

Иштелип чыккан сунуштар, жоболор, тыянактар коллегиалдуу жана жеке башкаруу органдарынын укуктук статусун жана алардын өз ара аракеттенүүсүн, билим берүү жана илимий-техникалык ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу мыйзамдарды даярдоодо мыйзам чыгаруу практикасында колдонулушу мүмкүн. Ошондой эле диссертациялык изилдөөдөгү жыйынтыктар, айрым негизги түшүнүктөрдүн такталган аныктамалары конституциялык укук жана муниципалдык укукта орун алган боштуктарды толтурганы мүмкүндүк берет. Автор тарабынан алынган жыйынтыктар кийинки илимий изилдөөлөрдө колдонулушу мүмкүн.

Диссертацияда камтылган жоболор окуу процессинде «конституциялык укук», «муниципалдык укук» дисциплиналарды окутууда колдонсо болот, андан тышкары аталган дисциплиналар боюнча окуу китептерин жана окуу куралдарын даярдоодо колдонулушу мүмкүн.

**5. Автореферattтын диссертациянын мазмунуна дал келүүсү**

Автореферат толугу менен диссертациянын мазмунуна, изилдөөнүн максатына жана маселелерине дал келет. Автореферattтын кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бирдей.

**6. Эскертүү:**

1. Ата мекендик окумуштуулардын эмгектери аз колдонулган.
2. Жактоого коюлган үчүнчү жободо автор укуктук принциптер ишке ашуу үчүн биринчи коллегиалдык принциптин жүзөгө ашырылышын айткан, бирок коллегиалдык принцибы ишке ашуу үчүн эмне керектигин айтса жакшы болмок.
3. Диссертациянын 1.2.-бөлүмүндө изденүүчү мамлекеттик коллегиялдуу органдардын бар болуусунун жана жеке башкаруу органдарга караганда басымдуулугунун таблицасында дүйнөнүн бардык өлкөлөрүнүн тажрыйбасын эске алышы керек эле.
4. Диссертациянын 5.5.-бөлүмүндө изденүүчү Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын укуктук

статусун изилдеген, бирок алардын укуктук статусун жөнгө салуучу мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү боюнча сунуштарды киргизген эмес.

**7. Сунуштар:**

Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясынын мүчөсү Аманалиев Урмат Олжобекович изденүүчү М.Б. Татеновдун доктордук диссертациясы боюнча төмөнкүлөрдү дайындоону сунуштайт:

**- жетектөөчү уюм катары** Кыргызстандын эл аралык университетинин “Юриспруденция жана эл аралык укук” кафедрасын. Адреси: Бишкек ш., 7-апрель көч. 4 а.

**- биринчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык колледжинин директору

**Джумалиев Данияр Сардарбекович** 12.00.02 автореферaты боюнча адис; анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

- Джумалиев Д.С. Понятие и принципы местного самоуправления. - Вестник Кыргызской государственной юридической академии. – 2015 г. №2.- С. 22-26.

- Джумалиев Д.С. Пути повышения эффективности взаимодействия государственной власти и местного самоуправления. - Научный журнал “Modem science” №8 2017 г. Москва 2017-г. Август. ISSN 2414- 9918 с. 50-54.

- Джумалиев Д.С. Государственная власть и местное самоуправление в системе осуществления власти. - Научный журнал “Modern science” №9 2017 г. Москва 2017-г. Сентябрь ISSN 2414- 9918 с.73-76.

**- экинчи расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу стратегиялык изилдөөлөрдүн Улуттук институтунун илимий кызматкери

**Арабаев Автандил Анисович** 12.00.02 автореферaты боюнча адис; анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

- Арабаев А.А. Конституционное развитие Кыргызстана: Монография. — Бишкек : БАИС, 1998. — 216 с.

- Арабаев А.А. Парламентаризм в Кыргызстане: теория и практика становления: Учебное пособие. — Бишкек: КГЮА, 2005. — 305 с.

- Арабаев А.А. Парламентаризм и Парламент Кыргызстана: генезис, состояние, перспективы: Монография. — Бишкек: Просвещение, 2008. — 588 с.

**- үчүнчү расмий оппонент катары** юридика илимдеринин доктору, профессор, тышкы карыз көйгөйлөрү боюнча илимий-изилдөө институтунун директору, «Кыргызстан эл аралык университети» академиялык консорциумунун координациялык кеңешинин төрагасы

**Асаналиев Тилек Асаналиевич** 12.00.02 эмгектеринин жыйындысы боюнча адис; анын изилденип жаткан көйгөйгө жакын төмөндөгүдөй эмгектери бар:

- Асаналиев Т.А. Некоторые вопросы совершенствования борьбы с

коррупцией [Текст] / Т.А. Асаналиев // Борьба с организованной преступностью и коррупцией: материалы международной конференции. – Алматы: Изд-во «Гылым», 1997. – С. 14-16.

- Асаналиев Т.А. Правовые и организационные проблемы режима в период восстановления законности в советском государстве (1929 – 1985 гг.) [Текст] / Т.А. Асаналиев // Приложения к журналу «Известия ВУЗов» №4, 2004. – 24 с.

- Асаналиев Т.А., Кулалиева Г.Т. Проблемы формирования многопартийности в Кыргызстане. - Известия вузов Кыргызстана, № 6, 2019. С. 127-129.

**8. Сунуштар:**

Мындан ары бул багыттагы ишти улантуу жана Кыргыз Республикасында башкаруунун жогорку формасы болгон коллегиалдык мамлекеттик башкарууну калыптандыруучу мыйзамдардын долбоорлорун иштеп чыгуу же иштеп жаткан мыйзамдарга толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталат.

**9. Корутунду:** Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясында берилген илимий жоболор, тыянактар жана корутундулар атайын адабияттарды, Кыргыз Республикасынын жана чет мамлекеттердин конституцияларын жана башка мыйзамдарын талдагандан кийин негизделген. Диссертациялык изилдөөнүн түзүлүшү илимий изилдөөлөр логикага ылайык келет, анын максаты жана маселелери менен аныкталат. Негизги мазмуну ички биримдик менен мүнөздөлөт. Ар бир бөлүм тийиштүү тыянак корутундулап жатат. Изилдөөнүн алкагында илимий жоболор жана илимий жаңылыгына жана практикалык маанилүүлүкө ээ болгон мамилелер чыгарылган жана негизделген. Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө алынган натыйжалар, жактоого чыгарылуучу жоболор туура жана так иштелип чыккан, алардын актуалдуулугу талаш жаратпайт. Диссертациялык кеңешке берилген диссертациянын электрондук варианты диссертациянын кол жазмасына дал келет.

12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)” аттуу темадагы юридикалык илимдеринин доктору илимий даражасын изденүүгө сунушталган Татенов Марат Бейшенбековичтин доктордук диссертациясы мурдагы жакталган кандидаттык диссертациясынын материалдарын камтыбайт.

**10.** Диссертациялык кеңештин эксперти Аманалиев Урмат Олжобекович сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н. Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу Д 12.23.669 диссертациялык кеңешине Татенов Марат Бейшенбековичтин 12.00.02 - конституциялык укук; муниципалдык укук адистиги боюнча юридика

илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу учун “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишмердүүлүгүндөгү коллегиялдуулук жана жеке башчылык (конституцилык-укуктук аспект)” деген темадагы диссертациясын кабыл алууну сунуш кылат.

Эксперттик комиссиясынын мүчөсү:
юридика илимдердин доктору,
доцент Аманалиев У.О.

«15» 02 2024-ж.

Заверяю подпись
Инспектор ОРЧР
Кульбаева Ф.М.

Кол тамгасын тастыктайм: